

**Иманалиев Сыдык Садырбаевич**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин деканы, философия илимдеринин кандидаты, доцент, Ардактуу профессор, Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасынын ээси



**Сыдыков Жолдошбек Сыдыкович**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин окутуучусу, философия илимдеринин доктору, Ардактуу профессор.



**Төлөбекова Зейнура Сагындыковна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин башкы адиси жана биология,химия мугалими. Жогорку Кенештин ардак грамотасы.



**Сопуева Айшабүбү Аттокуровна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин кыргыз тили жана адабияты мугалими. Кыргыз Республикасынын “Ардактуу айымы”. Эл агартуунун отличниги.Нарын облусунун “Ардактуу атуулу”.



**Жеденбаева Жылдыз Осмоновна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин англис тили мугалими жана библиотекары. 050709- “Башталгыч класстардын окутуучусу” багытынын ОМКнын төрайымы.



**Ыдырысова Динара Кудайбергеновна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин матиматика мугалими. “Ардактуу мугалим” жана “Билим берүүдөгү идеялары” төш белгилеринин ээси.



**Кадыров Рысбек Зарлыкович**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин дене тарбия мугалими.



**Арсарбек кызы Светлана**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин орус тили мугалими.КУУнун ардак грамотасынын ээси.



**Уранбекова Калича Уранбековна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин укук таануу адисинин окутуучусу. 030503 укук таануу багытынын ОМКнын төрайымы.



**Нурсейитова Сезим Нурсейитовна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин укук таануу адисинин окутуучусу. “Юриспруденция” багыты боюнча магистр жана аспирант. 2025-жылдын “Чыгармачыл инсаны” төш белгисинин ээси.



**Талантбекова Мырзайым Талантбековна**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин укук тааануу адисинин окутуучусу. “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” багыты боюнча магистр.



**Советов Бекзат**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин тарых мугалими.



**Жумабеков Нурбол Жумабекович**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин информатика мугалими. “Информатика” багыты боюнча магистр.

## Биз тууралуу

Теңир Тоодогу заманбап билим булагы

Кыргызстан тоолуу өлкөлөрдүн катарына киргендиктен, тоолуу аймактарда билим берүүнү өнүктүрүү маселеси көптөгөн ресурстарды чечүүнү талап кылат. Илимий билим берүү институттары, изилдөө борборлорунун жана эл аралык коомчулуктун идеяларын, сунуштарын колдонуп, ишти илгерилетүүгө багыт алабыз. Аларды чечүү адамдан тоодой күч-аракеттерди талап кылат. Тоолуу аймактардын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө кесиптик билим менен мыкты тарбия алган жаштар келечекте чечүүчү ролду ойношот.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети Нарын облусундагы юридикалык жана педагогикалык адистерди даярдоочу окуу жайы болуп саналат.

Факультеттин тарыхынын башталышы, Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун Нарындагы борбору болуп 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, экономика илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык академиянын академиги Кубаев Борис Хамитовичтин демилгеси менен уюшулган.

Нарындагы борбор - укук коргоо органдарында, мамлекеттик кызматта жана ишкердик чөйрөдөгү юридикалык билимге муктаж кадрлардын көйгөйүн чечүүдөгү принципиалдуу жаңыча мамиле жасоонун алгачкы карлыгачтарынан болгон.

Кийин Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын Нарындагы юридикалык колледжи болуп түзүлгөн. Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 12-августунун №264- Жарлыгы менен уюшулган.

Кыргыз мамлекеттик Юридикалык академиясынын уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эсептелген.

Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясы Орто Азиядагы юриспруденция багытындагы илимий потенциалдарды чогулткан юридикалык кадрларды даярдоочу бирден-бир адистештирилген жогорку окуу жайы катары өз ордун тапкан.

2003-2005-жылдары Академияны юридика илимдеринин доктору, профессор Арабаев Чолпонкул Исаевич жетектеген.

Академияны 2005-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, Жогорку Сотко жана Акыйкатчылыкка караштуу адам укуктарын коргоо боюнча кеңешинин жана Медия өкүлчүлүк институтунун байкоо кеңешинин мүчөсү, КР эмгек

сиңирген юристи, юридикалык илимдеринин доктору, профессор Керезбеков Канат Керезбекович жетектеп турган.

Нарын юридикалык колледжи 2022-жылдан баштап Ж.Баласагын атындагы КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети болуп кайра түзүлүп, Кыргыз улуттук университетинин курамына кайрадан кошулду.

Факультеттин миссиясы - тоолуу аймактагы укук чөйрөсүндөгү адистерди жана педагогикалык кадрларды кесипке даярдоону жогорку деңгээлде камсыз кылуу, дүйнөлүк билим берүү жана илимий маалымат коомчулугуна интеграциялоо шартында инсандын жарандык жана адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу.

Факультетте теориялык жактан терең даярдыгы бар, укук коргоо органдарында практикалык тажрыйбасы мол адистер сабак беришет. Студенттерге Ж. Баласагын атындагы КУУдан, КР ЖОЖдордон жана укук коргоо тармагында мурда кийин, азыр иштеп жатышкан тажрыйбалуу адистер конок лекцияларды байма-бай өтүп турушат.

Факультет юристтерди жана башталгыч класстардын мугалимдерин даярдайт.Бул окутуу профилдери өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн учурдагы талаптарына жана шарттарына толук жооп берет.

Факультеттин ишмердүүлүгү төмөнкү стратегиялык багыттардын алкагында жүзөгө ашырылат:

- билим берүү жана илимий изилдөө чөйрөсүндө профессордук-окутуучулук курамдын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн туруктуу өсүшүн камсыз кылуу;

- жаштардын интеллектуалдык потенциалын ачууга көмөктөшүүчү заманбап билим берүү технологияларын киргизүү жана өнүктүрүү;

- факультеттин бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусуна мониторингди уюштуруу жана бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна колдоо көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында эмгек рыногу жана билим берүү кызматтары боюнча үзгүлтүксүз изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- билим берүү процессин оптималдаштыруу жана билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу;

- илимий-методикалык иштин натыйжалуулугун, профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн жогорулатуу;

- студенттер менен педагогикалык жамааттын өз ара аракеттенүүсүнүн жаңы формаларын киргизүү аркылуу студенттердин өз алдынча башкаруусун өркүндөтүү.

Факультетти философия илимдеринин кандидаты, доцент, Ардактуу профессор, Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасынын ээси Иманалиев Сыдык Садырбаевич жетектеп келет.

Факультеттин курамында штатта 1 философия илимдеринин доктору, профессор Сыдыков Ж.С., 2 илимдин кандидаты, доценттер Иманалиев С.С., Оторова С., ага окутуучу Жумаев М., жана окутуучулар Арсарбек кызы С., Төлөбекова З.С., Желденбаева Ж., Ашымов Э., Уранбекова К., Нурсейитова С., Советов Б., Жумабеков Н., Кадыров Р., Сопуева А., Талантбекова М., Мамбеттоктоева Н., ж.б., эмгектенишет.

Факультет окуу-лабораториялык "соттук процесстик" кабинет жана "компьютердик класс" менен жабдылган.

Бүгүнкү студенттер санарип доордо ЖОЖго, колледжге кабыл алууда каттоо порталы (https://2020.edu.gov.kg), КУУнун АВН https://avn.knu.kg /порталынан өздөрү туурасында, маалыматтарды киргизүүдөн баштап, Электрондук ведомост, электрондук журнал, модульдардын бааларын, контрактык төлөмдөрүн ж.б.. баарын көрүп турушат. АВН тестирлөөдө, предметтик жана ар түрдүү анкеталарды да өздөрү толтуруп турушат. Электрондук китепканадан https://ebooks.knu.kg/ керектүү окуу куралдарын көчүрүп алып, кеңири колдонушат.

Факультеттин студенттери Нарын шаарындагы жаштар кыймылынын өнүгүшүнө салым кошууда. Нарын шаарындагы факультеттин студенттери ар кандай конкурстарга, олимпиадаларга, конференцияларга катышып байгелүү орундарды ээлеп келишет.

Факультеттин бүтүрүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын жалпысынан баардык укук коргоо органдарында, сот системасында, мамлекеттик жана муниципалдык органдарда, ошондой эле ар багыттагы коммерциялык ишканаларда, билим берүү мекемелеринде жана уюмдарда иштешет.

Факультеттин төмөндөгү бүтүрүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын сот, прокуратура, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишмердүүлүгүнө чоң салым кошууда:

1. Асан уулу Жумгал – Нарын облусунун, Ат-Башы райондук ички иштер башкармалыгынын тергөө бөлүмүнүн начальниги.
2. Кубатбеков Руслан – КРнын Президентинин Нарын облусундагы өкүлчүлүгүнүн жардамчысы.
3. Чагалдакова Махабат Бекболотовна - Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон райондук сотунун судьясы.
4. Кубанычбекова Назгүл – Секретариат УКМК КР Бишкек ш.

5. Черикчиев Адилет Черикчиевич – “Мергенчилер жана балыкчылар” коомунун директору, Нарын шаардык кеңешинин депутаты.
6. Жапаров Куштарбек Жаныбекович – Чүй облусунун Кемин районунун мамлекеттик нотариалдык кеңсесинин нотариусу.
7. Мухамбеткалыев Шадыбек Бекболотович – КРнын Нарын шаары боюнча Салык кызматынын юристи.
8. Таалайбек уулу Камчыбек – КРнын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик экономиканы өнүктүрүү фондунун Нарын облусу боюнча инспектору.
9. Кадыркулов Акылбек – Нарын шаардык мэриясынын бөлүм башчысы.
10. Султаналиева Медина -Нарын райондук ички иштер бөлүмүнүн орун басары.